# НАСАФИЙ ТАФСИРИНИН ЖАРЫККА ЧЫГУУСУНДАГЫ МАКСАТЫ

**Зухрахон Вахидова**
*магистрант. 2-курс Ош Мамлекеттик Университети Арашан гуманитардык институту*
*Дин таануу факультети*

**Аннотация:** *Макалада Абул-Баракат ан-Насафий өмүр баяны тууралуу, илимий жетишкендиги кыскача берилди. Насафий тафсиринин кириш сөзүндө берилген автордун сөздөрү негизинде бул тафсирдин жазылуу максаттарында тарыхый, илимий жана географик себептери анализ кылынды.*

**Негизги сөздөр:** *Насафий, Мадарик, тафсир.*

Абул Баракат ан-Насафи хижрий жетинчи кылымда Маверауннахр аймагында өскөн маанилүү аалымдардын бири болуп саналат. Ал доордун улуу аалымдарынан сабак алып, маанилүү эмгектерди жазган. Ар тараптуу аалым Насафинин эң күчтүү багыты фикх илими болгон. Калам боюнча да чыгармаларды жараткан. Анын эки тармакты мыкты өздөштүргөндүгү анын тафсир илимине түздөн-түз чагылып, анын эмгегинин баркын ого бетер арттырган.[1]

Маалымат булактарында аты аз белгилүү болгон Абул-Баракат, араб, фарс тилдерин мыкты билген жана такыбаа адам болгон. Өмүрүн илимге, изилдөөгө арнап, акыры атак-даңкка ээ болгон салих аалым катары тааныштырышат. Мисалы, Лакнавий аны өз доорунда фикх жана методология, хадистер жана алардын маанилери жагынан өзгөчө аалым катары сыпаттаган, ал эми Ибн Хажар да ―Ад-Дурарул-Камина‖ китебинде ―العالم عالمة ―деген ысым менен атаган. Ибн Камал Пашанын айтымында, ал күчтүүлөргө да, алсыздарга да туура кайрылуу жөндөмүнө ээ болгон мукаллиттер тобуна кирет. Бирок, бул катмар мукаллит деп аталса да, сахихтик даражасына карабастан, ар бир риваят жана пикирди өз китептерине киргизген эң төмөнкү даражадагы факих тайпасынан эмес экени жакшы билинүүсү керек.[65] Лакнавийдин

«ал-Фаваидул-бахийа» аттуу китебинде, андан кийин «ижтихад эшигинин мөөрү басылган жана мазхабда мужтахид калбаган» адам деп баяндалган. Өзүнө жүктөгөн милдеттерин эске алганда, муфассирге арналган мактоолорго өмүрүнүн аягына чейин толук татыктуу болгонун көрүүгө болот. Ага берилген «Хафизуддин», «акыркы мужтахид», «аллама-и жихан» деген өңдүү наамдар аны даңазалоо үчүн берилген куру мактоолор эмес. Болгондо да, ага жүктөлгөн тарыхый миссиянын Ислам илими жана маданияты жагынан караганда маанилүүлүгүнө жана ал эмгеги үчүн тафсирчинин ылайыктуулугуна ишарат кылган символдор болуп саналат. Анткени, автор моңгол баскынчылыгынын өтө драмалык көрүнүштөрү элдин эсинде сакталып турган чакта, бул коркунучтуу окуядан акыл-эстин тереңинен келип чыккан жогорку деңгээлдеги психологиялык басымга карабастан басымдуу бөлүгү толугу менен талкаланып, ар жакка чачырап кеткен Ислам интеллектуалдык топтомунун майда жана туура эмес

[1] https://islamansiklopedisi.org.tr/medarikut-tenzil-ve-hakaikut-tevil

бөлүктөрүн кайра иретке келтирүүгө аракет кылган. Жыйынтыгында, өзүнөн мурункулардан диний маалыматтарды системалуу түрдө чогултууга жетишкен. Бул жагынан алып караганда, ал «алМанар» жана «Канзуд-«Дакаикта» Ханафий усулу менен доктринасын, «алУмдада» Ханафий-Матуридий акыйдасын жана «Медарикте» болсо, өзү окуткан тафсир тексттерин бириктирген.[7] Чындыгында, ал жашаган чөйрөнүн андан бул багытта бир күтүүсү бар эле. Абул-Баракат бир тафсирчи, бир мутакаллим, бир факих, бир аалым жана бир захид катары, бул үмүттү актагандыгы үчүн, «акыркы мужтахид», «диндин коргоочусу», «дүйнө аалымы» сыяктуу наамдарга татыктуу деп табылган.[2]

Абул Баракат ан-Насафий «Мадарикут танзил ва хакааикут таъвил» чыгармасынын киришүү бөлүмүндө бул тафсирдин жарыкка чыгуусуна кандай фактор түрткү болгонуна күбө болобуз. Абул Баракат ан-Насафий төмөнкүчө баян кылган:

«Жооп берүүм парз болуп калган кээ бир адамдар менден тафсир тармагында орто көлөмдөгү, түрдүү иъраб жана кыраат илимдерин, бадий жана логика илимдерин камтыган, Ахли сүннөт вал жамааттын көз караштарын менен коздолгон жана бекемделген, бидат элинин жана бузук акыйдадагы адамдардын батыл жана туура эмес ой-пикирлеринен жана көз караштарынан таза болгон, ошол эле учурда, окуган адамды тажаткан узун эмес, же максатты жеткире албай турган даражада кыска жазылбаган бир эмгек (тафсир) даярдоону суранышты.

Ушундай оор жүктү көтөрүү үчүн бир кадам алдыга кадам таштайм, ошол эле учурда адам күчү жетпеген күч-аракетти талап кылат, жетишсиздик сыяктуу себептерден улам мындай жумуштан алыс болууну тандадым. Оор милдетти аткарууда мен бул маселеге ар дайым этияттык менен мамиле кылып келем. Көп түйшүккө карабай, акыры Аллах Таала мага бул ишке мүмкүнчүлүк бергендиктен, бул чечмелөө ишин баштадым жана бул чечмелөөнү кыска убакытта бүтүрдүм. Бул тафсирдин атын:

«Мадарикут-Танзил жана Хакайкут-Тавиил» башкача айтканда «Аллах тарабынан түшүрүлгөн Куран тафсиринин чындыктарын түшүнүү» деп койдум...»[3]

Бул айтылгандардын негизинде тафсирдин жазылуу максатын төмөнкүчө чечмелөөгө болот:

1- Насафий жашаган доорунда кеңири тараган тафсир Замахшарийдин тафсири болчу. Белгилүү болгондой Замахшарий Мутазыла мазхабынын көз караштарын тастыктаган далилдерди колдогон. Ошол себептүү Ахли сүннөт вал-Жамаат мазхабынын көз караштарын камтыган тафсир китебине муктаждык болгон.

2- Ошол эле учурда Ахли бидъат деп билинген Мутазыла, Карраийя, Хавариж сыяктуу агымдар Абул Баракат ан-Насафий доорунда кэңири тараганына байланыштуу аларга Курандан далилдер менен жооп берүүнү көздөгөн.

---

[2] https://islamansiklopedisi.org.tr/nesef\i-ebul-berekat

[3] تفسير النسفي (مدارك التنزيل و حقائق التأويل) Абдуллах ибн Ахмад ан-Насафий. Истанбул, 2018. Дар Тахкик ал Китаб.

3- Насафий тафсирине чейинки тафсир китептери же өтө көлөмдүү же өтө эле кыска болгону үчүн орто көлөмдө түшүнүктүү болуусуна көнүл бурган жана бул тафсирин жазган.

## АДАБИЯТТАР:

1. https://islamansiklopedisi.org.tr/nesef\i-ebul-berekat
ал Китаб. 2. مدارك التنزيل و حقائق التأويل (تفسير النسفي) Абдуллах ибн Ахмад ан-Насафий. Истанбул, 2018. Дар Таххик
3. https://islamansiklopedisi.org.tr/medarikut-tenzil-ve-hakaikut-tevil
4. Ahmet Özel, Hanefi Fıkıh Âlimleri, Ankara 1990, s. 72-73.
5. Muhammed Yazıcı, Ebü‘l-Berekât en-Nesefî, Hayatı, Şahsiyeti ve el-İ_timâd fi‘l-i_tikād Adlı Eseri (yüksek lisans tezi, 1992), Atatürk Üniversitesi Sosyal Bilimler Enstitüsü.